DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2019

***БИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ***

***БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***

***BIOLOGICAL SCIENCES***

*Асаналиева Н.А., Асылбекова Ж.А.*

# НАРЫН ӨРӨӨНҮНДӨ КЕЗДЕШКЕН КРУШИНА СЫМАЛ ЧЫЧЫРКАНАКТЫН БИОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Асаналиева Н.А., Асылбекова Ж.А.*

# БИОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ОБЛЕПИХИ КРУШИНОВИДНОЙ ПРОИЗРАСТАЮЩИХ В НАРЫНСКОЙ ДОЛИНЕ

*N.A. Asanalieva, J.A. Asylbekova*

# BIOLOGICAL PECULIARITIES OF SEA BUCKTHORN GROWING IN THE NARYN VALLEY

*УДК.570.+581:5*

*Нарын өрөөнүндө кездешкен крушина сымал чычырканак башка өрөөндө өскөн чычырканактарга салыштырмалуу мөмө сабагы узун, мөмөсү чонураак келет да, тикенектери сейрек жайгашкан. Практикалык, чарбалык, медициналык мааниси чон өсүмдүк. Нарын өрөөнүндө кездешкен крушина сымал чычырканактардын мөмөсү сары жана кызгылт сары болуп саналат, формасы тоголок жана жумуртка сымал, ал эми даамы кычкыл жана таттуу кычкыл. Пайдалуу жана дары өсүмдүктөр арасында маанилүү орунду крушина сымал чычырканак ээлейт. Мөмөсүнүн баалуулугу болуп, дарылоочу препараттарды даярдоо жана витаминдүү тамак-аш продуктуларын алууда колдонулат Крушина сымал чычырканак мөмөсү үчүн өстүрүлөт, декоративдик да мааниси бар. Уругунан медицинада колдонулуучу май алынат. Нарын өрөөнүндө калктын көпчүлүк бөлүгү чычырканактын мөмөсүн тамак-аш катары да жана ошондой эле дарылоо максатында да колдоноору белгилүү.*

***Негизги сөздөр:*** *чычырканак, поливитамин, антропогендик таасир, чычырканак калындыктары, рекультивация, кургакчылыкка туруктуулук, түр аралык гибрид.*

*У облепихи крушиновидной произрастающих в Нарынской долине по сравнении с другими облепихами произрастающих на других территориях плоды крупные, плодосные стебли длинные, без колючек или встречаются изредка. В Нарынской долине у крушиновидной облепихи плоды в основном желто-оранжевой и оранжевой окраски, форма шаровидная и яйцавидная, вкус кислый и сладко-кислый. Среди полезных и лекарственных растений важное место занимает облепиха крушиновидная. Ценность плодов ее, как сырье для получение лечебных препаратов и витаминных пищевых продуктов. Облепихи крушиновидная культивируется ради плодов, имеет значение и как декоративное. Плоды используются для получения масла, применяемого в медицине. Нарынской долине большинство жителей данных регионов плоды облепихи используют как в пищевых, так и в лечебных целях.*

***Ключевые слова:*** *облепиха крушиновидная, поливитамин, антропогенное действие, облепиховые заросли, рекультивация, устойчивость к засухе, межвидовой гибрид.*

*The sea buckthorn grows in the Naryn Valley compared to other sea buckthorn growing in other territories, the fruit is large,fruitful stems are long, without thorns or occasionally found. Sea buckthorn cruhiness growing with Naryn Valley lowland fruits are mostly yellow orange in color, spherical and ovoid shape. Among the useful and medicinal plants an important place is occupied by sea buckthorn. The value of its fruits as a raw material for the production of medicinal preparations and vitamin foods. Sea bucktorn is cultivated for the sake of the fruit has the value as a decorative. The fruit is used to obtain the oil are employed in medicine. Naryn Valley most of the inhabitants*

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*of these regions, the fruits of sea buckthorn are used both for food and for medical purposes.*

***Key word:*** *sea buckthorn, multivitamin, anthropogenic effect, sea buckthorn thickets, recultivation, drought tolerance, interspeciflc hybrid.*

Кадимки чычырканак Кыргызстандын Нарын өрөөнүндө Нарын суусунун боюнда, жылгын менен бирдикте сакталып калган. Мурунку убактарда кадимки чычырканактын өтө калың черлери болгон дешет. Азыр албетте, андай калың токойлорду көрүү кыйын, бирок Нарын дарыясынын жээгинде анча-мынча черлердин сакталгандыгын көрөбүз. Чычырканак ири бадалдарга кирет. Тиричилик формасы эки түрдүү-дарак түрүндө 4-5 м чейин, бадал түрүндөгүсү 1-2 метрге чейин жетет. Эки үйлүү өсүмдүк, гүлдөрү да айрым жыныстуу. Сөңгөгүнүн кабыгы кара же буурул же бозомук. Өркүндөрү тикендүү, узундугу 2-7 см. Кумдуу сайларда, майда таштуу шилендилерде өсөт. Кадимки чычырканак Ак-Талаа өрөөнүндөгү Чон куймак суусунун боюндагы токойлорду түзөт.

Чычырканак баалуу дары-дарымек, витаминдүү, бал берүүчү, суу жээктерин бекемдөөчү өсүмдүк. Чычырканак жаратылыштын биоартүрдүүлүгүнүн бирден-бир элементи катары корголушу зарыл [1].

Тал жалбырактуу чычырканактын бодурлу кабыгы көп учурда эпифиттердин, өзгөчө папоротниктердин жашоо жери катары да кызмат кылат.

Тибет чычырканагы (Hippophae tibetana) бою кыска, тикенектүү бадал. Жоон ийри сөңгөктү, жалбырактары үчтөн мутовка түрүндө жайгашкан. Тибет чычырканагынын дарыялардын жээктеринде, Гималайдын бийик тоолорунда өсөт. Тибет чычырканагынын мөмөлөрүн жесе болот, жергиликтүү калк ан ашказан оорулярына дары каражаты катары пайдаланышат. Тибет чычырканагы сырткы таасирлерге өтө чыдамдуу, ал бийик тоолордо өсүмдүк өспөй калган чекке чейин барат. Алардын ушул сапаттары селекционерлердин кызыгуусун жаратат [2].

Бирок чычырканак мөмө өсүмдүгү катары кеңири тараган жок, аны көбүнчө декоративдик бадал катары колдонушту.

1940-жылдарда, айрыкча согуштан кийинки мезгилдерде чычырканактын мөмөсүнүнүн поливитаминдүү составы жана тамак-аш катары гана эмес витамин өндүрүүдө да баалуулугу аныкталгандан кийин ага кызыгуу өтө жогорулады.

1958-жылдан баштап Алтай бакча өсүмдүктөрүн өстүрүү станциясында чычырканактын ар кайсы: алтай, даур, саян, орто азиялык географиялык формаларын кыйыштыруу башталат. Натыйжада чон мөмөлүү, май жана каротинди көп кармап туруучу, жыйноооо жеңилдик бере турган мөмө сабы узун кызыктуу гибриттер алынат.

Кургакчылыкка туруктуулукка багытталган буудайдын селекциясы үчүн баштапкы материалдарды алуу максатында түр аралык гибридизация жүргүзүлдү [3].

Чычырканак өсүмдүгү 1,5-2,5м бийиктиктеги бадал өсүмдүг; чычырканактын өсүүсүнө жагымдуу шарт түзүлгөн Нарын өрөөнүнүн батыш тарабында жайгашкан Куртка айылынын тегерегинде ал 4-5 бийиктикке жеткен бак формалары да кездешет.

Кыргызстанда чычырканак кенири тараган менен аны изилдөө өтө сейрек жүргөн. Акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдү белгилесек, З.Х. Сарымсакованын “Түштүк Кыргызстандагы крушина сымал чычырканак” (2004) монографиясында автор, биринчилерден болуп Түштүк Кыргызстанда түрдүн фитоценологиясын ачып берип, чычырканактын негизги формацияларына жана чычырканак ассоциацияларына мүнөздөмө келтирет. Автор тарабынан ачылган жергиликтүү популяциянын 43 формасына UNEP-GEF «Insitu/on-farm Борбордук Азияда агробио артүрдүүлүктү сактоо жана колдонуу (мөмө өсүмдүктөрү жана алардын жапайы түрлөрү)” 2007-жылдан бери Ысык-Көл жана Нарын өрөөнүндөгү чычырканактын формалык ар түрдүүлүгүн изилдеп жатышат. Биз бул изилдөөлөрдүн арасынан салыштырмалуу мөмөсү чоң, каратиониддерди көп кармап туруучу, тикенектери азыраак 1 формасы тикенексиз 9 формасы кездешет [4].

Крушина сымал чычырканак мөмөсү үчүн өстүрүлөт, декоративдик да мааниси бар. Уругунан медицинада колдонулуучу май алынат. Мөмөсүн тамак-ашта, ден-соолук чыңдоодо колдонуп, өсүмдүктүн өзү жашыл короо, кооз бакча

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



өсүмдүгүнө айланат. Чет өлкөлөрдө плантациялар түзүлүп, чоң дары өндүрүү мекемелери менен келишим түзүлүп экономикага да киреше алып келишүүдө, ошондой эле жол кырсыктарын алдын алуу максатында жол тайпаларына да тигишет. Мындан сырткары бизге белгилүү болгондой Россияда Чернобль жана Япониядагы Херосима менен Нагасаки шаарларында болгон кырсыктардан кийин чычырканактын майы радиациялык нур менен жабыркагандарга жакшы таасир берерин аныктаган. Ушул себептерден улам дүйнө жүзүндөгү көптөгөн дары өндүрүү мекемелеринде чычырканак майына болгон талаптар өтө көп. Чычырканак жалбырактары дубильдик заттарды алуу үчүн сырье болуп эсептелет. Мөмөлөрү 2,8-7,8%ке чейин май, зат алмашууга катышкан аскорбин кислотасын, каротинди (провитамин А), В группасындагы витаминдерди, Е витаминин, фолиев кислотасын, филлохинон (витамин К) канты, дубильдик заттарды, органикалык заттарды, органикалык кислоталарды (олеин, стеарин, линолев жана пальмитин) кармап турат [5].

Чычырканактын кабыкчасында «бакытын гормону» аталган “серотинин” кездешет, ал маанайды жакшыртууга жардам берет, ошондой эле шишик ооруларына каршы колдонсо касиети күчтүү.

Белгилей кетчү нерсе, калк отурукташкан пункттарга жакын жайгашкан чычырканак калыңдыктары жергиликтүү калк тарабынан тынымсыз кыйылып, (отун, курулуш материалы, бакчаларыны четин тосуу ж.б.) кээ бир учаткалар толугу менен жок болгон. Кээ бир жерлер мал бакканга жана чөп чапканга ылайыктуу болсун деп өрттөлгөн. Мунун натыйжасында суюк, жапыз өскөн чычырканактар пайда болот.

Т.Т. Трофимованын оюу боюнча (1988), “мындай участкаларда юир эле жыныстагы - же эркек, же ургаачы чычырканак калыңдыктары пайда болот. Алар ар бир типте жайгашкан болот: борборунда энелик бадалча турат, ал калгандарына салыштырмалуу чоңураак, анын тегерегинде андан бир аз кыскараак, эң четинде кичине тамыр чырпыктарынан жаңы пайда болгондору жайгашат. Алардын формасы тоголоктон тартып, сүйрү, сейрек кесилген формада болот”. Мындай бир жыныстуу чычырканак калыңдыктары Нарын дарыясынын жээктеринде көп кездешет. Алар анча чоң эмес аянтчаларга чогулган болот. Ургаачы өсүмдүктөрүндө ачык боелгон мөмөлөрү болот, эркектеринде мөмөсү жок.

Айрым окумуштуулардын оюу боюнча (Д.И. Сосновский, 1910; В.А. Обручев, 1940) чычырканак кумда, деңиз калдыктарына бай галечниктерде өсөт деге. Адегенде чычырканак үчүнчүлүк доордогу дениз жээктеринде өсүшкөн, кийинчерээк деңиз кургаганда алар континенттин ортосуна киришкен (Борбордук Азияда). Бирок чычырканак бул жерде областтын тоолуу аймактарында кездешет, ал жакка дарыя жээктери менен көтөрүлөт. Капчыгайларды аралап аккан суулар, дарыялар – бул капчыгайлардан да байыркы болуп чыкты. Ал эми дарыялар жарып чыккан тоолор дарыялардан да жаш болгон. Демек дарыя жээктеп өскөн чычырканак байыртадан бери эле өсүп келген (Трофимов, 1988). Мыйдай абал Нарын чычырканак калыңдыктарына, дегеле бүткүл Кыргызстанга мүнөздүү [6].

Чычырканак – эң ийкемдүү өсүмдүк, ал эң көп полиморфтуу, өткөөл формаларга ээ. Түп суусунун башатында салыштырмалуу мөмөсү чоңураак болгон тикенексиз формалары бар. Ушундай эле формалар Тосор капчыгайында да кездешет.

Чычырканак калыңдыктарынын типологиялык классификациясы али күнгө чейин иштелип чыга элек. Биздин оюбузча чычырканак калыңдыктарынын типтерин айырмалоодо бак жана бадал өсүмдүктөрүнүн түрдүк составын, чычырканак менен бирге өскөн чөп өсүмдүктөрүнүн составын жана токойчо өскөн жердин шарттын эске алуу зарыл. Чычырканак калыңдыктарынын белгилүү бир топурак кыртышына жана белгилүү бир территорияга ылайыкташып өсүшүн эске алуу менен аларды төмөндөгүдөй группаларга бириктирсек болот: дарыя же суу алабдарыдагы, суу мезгил-мезгили менен жайылып турган жерлердеги жана кургак жерлерде өскөндөрү. Дарыя же суу алабдарындагылар дайыма суу агып турган нымдуулукта өтө кууш тилкеде, таш, шагыл, мохтор көп кездешкен жерде өсүшөт. Бул топко төмөндөгү типтерди киргизсек болот: тал жалбырактуулар, ак кай-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



ыңдар, теректер, бадалдар, жайыттар. Суу мезгил – мезгили менен жайылып турган жерлердеги токой типтерине дарыя жана көл жээгинде, ошондой эле аралчаларда аллювиальдык топуракта өскөндөр кирет. Бул группага өлөң чөптүүлөр, талдар, теректер, жапайы дан өсүмдүктөрү жана бадалдар өскөн токойлор кирет. Нымдуулук жетишсиз тилкелерде чычырканак калыңдыктары акырындык менен суюлуп олтуруп жоголуп кетет. Көпчүлүк чычырканак калыңдыктары бир типтен экинчи типке өтө алат. Ушундан улам токойлордун типтери курамы пайда болот, мисалы, тал – теректүү ж.б.

Чычырканак калыңдыктарын жана алардын таксацияларын текшерүүдө (Койков, 1978) 5 курактык класс такталган: 1 – жаш токойчолор (1-5 жыл); 2 – орто курактагы (6-10 жыл); 3 – убагы келгендер (11-15 жыл); 4 – жетилгендер (16-20 жыл); 5 – убагы өтүп кеткендер (21-25 жыл). Ал эми Нарын өрөөнүнүн чычырканак калыңдыктарын изилдөө үчүн аны тактоо керек.

В.М. Ткаченко жана Л.М. Андрейченко (1996) белгилегендей, Кыргызстандын жыш чычырканак калыңдыктары антропогендик таасирдин аркасында (өрт, кыюу, мал жаюу, шагыл, кум иштетүүдөн, күрүч аянттарын жасоодон, жайыттарды түзүүдөн, айыл-чарба өсүмдүктөрүн айдоо үчүн жер бошотуудан, пансионаттардын территорияларын чоңойтуусунун натыйжасында) акырындык менен жоголуп бара жатат. Азыркы учурда деле чычырканактын абалы жакшыра элек.

Кыргызстан тоолуу Республика, бийик жана бөксө тоолору менен өзүн тааныта алат [7].

**Адабияттар:**


1. Ботбаева М.М. Кыргызстан өсүмдүктөр дүйнөсү. - Бишкек, 2002. - С. 289.
2. Пантелеева Е.И. Облепиха крушиновая (Hippophae rhamnoides). - Барнаул, 2006. - 249 с.
3. Исаева В.К. «Буудай-Эгилопс» түр аралык гибриддик формаларын алуу. / Республиканский научно-теоретический журнал «Известия вузов Кыргызстана», №1. - Бишкек, 2018. - С. 43-46.
4. Малена ТВ. Формовое разнообразие облепихи в Иссык-Кульской науч. Конференции: "Проблемы биоэкологии животных и растений и охрана окружающей среды. - Бишкек: Издательство «Илим», 1980. - С. 43-46.
5. Гатин Ж.И. Облепиха. - М.: Сельхозиздат, 1963. - 159 с.
6. Кондрашов В.Т. К методике описания дикорастущих форм облепихи. Растительные ресурсы, 1977. - Т. 13. - Вып. 1. - С. 140-144.
7. Асаналиева Н.А. Ртуть – горная порода. / Республиканский научно-теоретический журнал «Известия вузов Кыргызстана», №1-2. - Б., 2008. - С. 88-89.


**Рецензент: к.сельскохоз.н., доцент Эшимбеков К.И.**